Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү
боюнча борбордук
комиссиясынын
2025-жылдын 10-апрелиндеги
№ 23 токтомуна
тиркеме

# "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясындагы кызыкчылыктардын кагылышуусу" жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясындагы кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" жобо (мындан ары - Жобо) "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 "Кыргыз Республикасында 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жөнүндө" Жарлыгынын талаптарына ылайык иштелип чыкты.

2. Кызыкчылыктардын кагылышуусу - Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) мүчөлөрүнүн жеке (ички) кызыкчылыктары анын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна таасир эткен же таасир этүүгө мүмкүн болгон жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келген же алып келиши мүмкүн болгон кырдаал түшүнүлөт.

3. Бул Жобо Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда келип чыгуучу кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуунун негизги чараларын аныктайт.

## 2. Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу тартиби

4. Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда мүмкүн болгон кызыкчылыктардын кагылышуусун талдоо, алардын кагылышуусу бар экендиги жөнүндө арыздарын кароо, үчүнчү жактардан келип түшкөн кызыкчылыктардын кагылышуусу бар экендиги жөнүндө маалыматты талдоо, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө кызыкчылыктардын кагылышуусуна байланыштуу потенциалдуу тобокелдиктер жөнүндө маалымат берүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

1) Кызыкчылыктардын кагылышуусун талдоо атайын түзүлгөн жумушчу топ тарабынан арыздын же үчүнчү жактардан келип түшкөн маалыматтын негизинде, келип түшкөн учурдан тартып беш (5) жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт. Талдоонун жыйынтыктары кат жүзүндөгү корутундуда белгиленет жана Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн суроо-талабы боюнча таанышуу үчүн жеткиликтүү болот.

2) Кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу төмөнкүлөр аркылуу жүзөгө ашырылат:

- Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө кызыкчылыктардын кагылышуусу учурундагы алардын аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды түшүндүрүү аркылуу;

- Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда алынган купуя жана ички маалыматтын сакталышын камсыз кылуу боюнча талаптарды аткаруу аркылуу.

3) Кызыкчылыктардын кагылышуусун аныктоо төмөнкү иш-аракеттер аркылуу жүзөгө ашырылат:

- ушул Жободо каралган тартипте кызыкчылыктардын кагылышуусу келип чыккандыгы жөнүндө маалымдоо аркылуу;

- Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздарды жана даттанууларды кароо жана изилдөө жолу менен;

- Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында белгилүү бир маселени кароодо, шайлоо процессинин катышуучусунун (талапкер, талапкердин, саясий партиянын өкүлү) жакын тууганы болгон Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү, жыйналыш боло турган күнгө чейин бир (1) жумушчу күндөн кечиктирбестен жыйналыштын төрагасына кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө кат жүзүндө кабарлоого жана маселени андан ары талкуулоодон жана добуш берүүдөн өзүн четтетүүгө милдеттүү.

4) Кызыкчылыктардын кагылышуусун чечүү тартиби:

- жумушчу топ тарабынан берилген маалыматтарды изилдөө, кызыкчылыктардын кагылышуусуна байланыштуу потенциалдуу коркунучтарды аныктоо жана талдоо, аларды жоюунун жолдорун издөө аркылуу жүргүзүлөт;

- кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу аныкталган учурдан тартып беш (5) жумушчу күндүн ичинде жүзөгө ашырылат жана жыйынтыгы боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан бекитилүүчү кат жүзүндөгү чечим түзүлөт;

- кызыкчылыктардын кагылышуусу бар Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү аны чечүүгө катышпайт.

## 3. Белектерди жана кайрымдуулуктарды кабыл алууга карата чектөөлөр

5. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу жеке же юридикалык жактардан белектерди кабыл алууга тыюу салынат, наркы он (10) эсептик көрсөткүчтөн ашпаган белектерден сырткары.

6. Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө өз ыйгарым укуктарын ишке ашырууга байланыштуу дипломатиялык белектерди расмий протоколдук иш-чаралардын алкагында гана алууга уруксат берилет. Дипломатиялык белектер мамлекеттик менчик болуп саналат жана Борбордук шайлоо комиссиясынын балансына өткөрүлүп берилүүгө тийиш.

7. Эгерде кайрымдуулук жеке же юридикалык жактарга карата чечим кабыл алууга таасирин тийгизсе, Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө жеке жана юридикалык жактардан кайрымдуулуктарды, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн башка түрдөгү мүлктүк жардамды талап кылууга же алууга тыюу салынат, "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн учурлардан тышкары.

## 4. Жоопкерчиликтер

8. Ушул Жобонун сакталышын көзөмөлдөө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жыл сайын кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө декларация тапшыруу, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан дайындалган жумушчу топ тарабынан ички аудит жүргүзүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Аудиттин жыйынтыктары комиссиянын жыйналышында ар жылдын 31-мартынан кечиктирилбестен берилет.

9. Ушул Жобону аткаруу "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу боюнча жоопкерчиликти алып салбайт.

## Өздүк (жеке) кызыкчылыктар жөнүндө декларация

Төмөндө кол койгон ________________________________________ (аты-жөнү),
ээлеген кызматы ____________________________________________________
тартып шайланган/дайындалган, ________________________________________
(актынын түрү жана номери) жеке жоопкерчилик менен билдирем:

<table>
<tr><td colspan="5">1. Акы төлөнүүчү кызматтык иши</td></tr>
<tr><td>Уюмдун аталышы жана дареги</td><td colspan="2">Ээлеген кызмат орду</td><td>Пайданын көлөмү (акчалай же башка мүлктүк түрдө)</td><td>Ишинин тармагы</td></tr>
<tr><td>1.1.</td><td colspan="2"></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2"></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="5">2. Коммерциялык эмес уюмдардагы же саясий партиялардагы уюштуруучунун же жетектөөчү, административдик, ревизиялык же контролдоочу органдардагы мүчөнүн абалы</td></tr>
<tr><td>Уюмдун аталышы жана дареги</td><td colspan="2">Ээлеген кызмат орду</td><td>Пайданын көлөмү (акчалай же башка мүлктүк түрдө)</td><td>Ишинин тармагы</td></tr>
<tr><td>2.1.</td><td colspan="2"></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2"></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="5">3. Чарбакер субъекттин, финансылык-кредиттик мекеменин пайчысынын же акционеринин абалы</td></tr>
<tr><td>Уюмдун аталышы жана дареги</td><td>Ээлеген кызмат орду</td><td>Катышуу үлүшүнүн же акцияларынын саны</td><td>Катышуу үлүшүнүн же акцияларынын жалпы наркы</td><td>Ишинин тармагы</td></tr>
<tr><td>3.1.</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="5">4. Эл аралык уюмдар менен мамилеси</td></tr>
<tr><td>Уюмдун аталышы жана дареги</td><td colspan="2">Ээлеген кызмат орду</td><td>Пайданын көлөмү (акчалай же башка мүлктүк түрдө)</td><td>Ишинин тармагы</td></tr>
<tr><td>4.1.</td><td colspan="2"></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2"></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="5">5. Мамлекеттик кызмат системасындагы таламдардын кагылышынын белгилүү фактылары тууралуу билдирүү</td></tr>
<tr><td colspan="5">Берүү формасы - эркин түрдө</td></tr>
</table>

Толтурган күнү _________________ Колу _________________